# ТАТТУУЛАРДЫ КАНТИП БӨЛҮШТҮРҮҮ КЕРЕК



Автор: Назгуль Кулматова

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай кызы

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ТАТТУУЛАРДЫ КАНТИП БӨЛҮШТҮРҮҮ КЕРЕК

Автор: Назгуль Кулматова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай кызы
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Таттуларды кантип болуштуруу керек" (кыргыз тилинде), автор Назгуль Кулматова, сүрөтчү Таттыбубу Ырысбай кызы, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Как справедливо разделить подарки*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Амир менен Санияга Жаңы жылда кооз кутудагы таттууларды белекке беришти. Балдар – экөө, белектер – үч кутуда.

Таттууларды кантип бөлүштүрүү керек?

Адегенде экөө бирден куту алышты. Ашык кутуну эмне кылуу керек? Алар кутудагы таттууларды тең бөлүп алууну чечишти.



Амир кутуну алып, таттууларды стол үстүнө чачып койду. Конфеттерди санап туруп, тең экиге бөлдү. Ушул белектердин ичинде бир плитка шоколад да бар экен.

Бөлүштүрүү так болбой жатпайбы.

– Кел, шоколадды мен алайын, сен болсо конфеттерден көбүрөөк аласың? – деп Амир сунуш кылды.

– Жок, болбойт! Мен да шоколад алгым келип жатат! – Саниякаршы чыкты.

– Эй, акырын, өзүбүз бөлүп албасак, атам, апам алып коюшат! – деди Амир.



Балдар үч кутудагы белектерди столго төгүшүп, тең экиге бөлүштү.

– Өзүңө көп алып, мага аз берип койдуң! – Сания ачууланды.

– Чырдасаң, башкача бөлөлү, – деп Амир кайра бөлүштүрө баштады.



Балдар бардык таттууларды түрү боюнча бөлүштү.

Жыйынтыгында, үч кутуда:

шоколад плиткасы – 3 даана.

шоколад конфети – 30 даана.

шоколад батончиктери – 15 даана.

карамель конфеттери – 30 даана.

вафли – 12 даана.

чайналуучу иристер – 6 даана.

таякчадагы сормо конфеттер – 9 даана.

печенье – 3 чоң куту жана 3 кичирээк куту.

пироженое – 3 даана.





Сания менен Амир таттууларды бөлүп алышты.

Ар бирине:

бирден плитка шоколад,

он бештен шоколад конфет,

жетиден шоколад батончик,

он бештен карамель конфеттери,

алтыдан вафли,

үчтөн чайналуучу иристер,

бирден таякчадагы сормо конфет,

чоңунан жана кичинесинен бир-бирден куту печенье,

бирден пироженое тийди.



Бөлүштүргөндөн кийин да, стол үстүнө дагы:

бир плитка шоколад,

бир шоколад батончик,

бир таякчадагы сормо конфет,

бир чоң кутуча печенье,

бир кичи кутуча печенье,

бир пироженое калды.

Калган таттууларды эмне кылуу керек?



– Кел, баарын жеп салабыз? – деп Сания сунуш кылды. – Бир сен тиштейсиң, бир мен тиштейм.

– Андан көрө, чоң атам, чоң энеме беребиз, – деди Амир.

– Анда мен печеньемдин баарын берип коем, – деп Сания чечкиндүү сүйлөдү.

– Мен да өз печеньемди берем. Чоң энем вафлини жакшы көрөт эмеспи, аларды да берем! – деди Амир берешен экендигин көрсөткүсү келип.

– Анда мен да вафли менен бөлүшөм! Чоң атам шоколад конфеттерди жакшы көрөт, аларды чоң атама берем! – Сания ушундай чечимге келди.



– Сен эмне, чоң атамды менден артык көрөсүңбү? Мен да чоң атама шоколад берем! – Амир чыдабай кетти.

– Кел, андан көрө, белектердин баарын ашканага алып барып, чогуу жейли. Антпесек, апам менен атам конфетсиз калып жатпайбы, – деди Сания.

– Макул! Туура айтасың! – Амир сүйүнүп кетти.

Экөө конфеттердин баарын кутуларга чогултуп салып алышып, ашкананы көздөй жөнөштү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Назгуль Кулматова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай кызы
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли